DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



## САЯСИЙ ИЛИМДЕРИ
## ПОЛИТИЧЕСКИЕ НАУКИ
## POLITICAL SCIENCES

*Орунбеков Б.*

# МЕЛИС ЭШИМКАНОВДУН ЖУРНАЛИСТТИК ЖАНА САЯСИЙ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

*Орунбеков Б.*

# ПОЛИТИЧЕСКАЯ И ЖУРНАЛИСТКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ МЕЛИСА ЭШИМКАНОВА

*B. Orunbekov*

# POLITICAL AND JOURNALISTIC ACTIVITIES OF MELIS ESHIMKANOV

*УДК: 327.323.2 (575.2)*

*Эгемендүү Кыргызстандын 30 жылдык тарыхында Мелис Эшимканов деген ысым жазылып калды. Ал кыргыз журналистикасында, саясий айдыңында бирөөлөр үчүн легенда болсо, башкалары үчүн табышмак инсан боюнча кетти. Мелис Эшимканов журналистикага эрте келген. 5-класста жазган дилбаяндары совет заманындагы «Кыргызстан пионери» гезитине жарыяланып, кесипке болгон ышкысы артат. Мектепти бүтө электе кыргыз телекөрсөтүүсүндө алып баруучу болуп иштей баштайт. Мелис Эшимкановдун активдүү журналисттик жолу СССР кыйрап бараткан учурга, «кайра куруу» саясатына туш келет. Күбө болгон окуяга, көрүнүшкө адаттан тыш мамиле кылып, жаңы көз караш, жаңы ыкма менен жазганы үчүн окурмандардын сүймөнчүлүгүнө ээ болгон. Ал Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарындагы эркин журналистиканын жана «имиш жанрын» негиздөөчүсү. «Эшимканов кыргыз саясатында бир эле учурда бунтарь-демократ, оппозиционер, авантюрист, харизматик адам катары эсте калды» деп замандаштары көп эскеришет.*

***Негизги сөздөр:*** *журналистттер, гезит, демократия, макала, саясат, оппозиция, саясий партиялар.*

*Имя Мелиса Эшимканова осталось в 30 летней истории независимого Кыргызстана. Для кого-то из журналистской, политической арены он – легенда, а для других он остался загадкой. Мелис Эшимканов пришел в журналистику очень рано. Написанные им в 5 классе сочинения публиковались уже в советской газете «Пионер Кыргызстана», прививая любовь к своей будущей профессии. Не закончив еще школу начинает работу ведущим на кыргызском телевидении. Активная журналистская деятельность Мелиса Эшимканова застала времена перестройки и распада СССР. Став свидетелем тех событий, он своими новыми взглядами и стилем написания материалов легко завоевывает любовь своих читателей. Он стал основателем свободной журналистики и «имиш жанра» первых годов независимости Кыргызстана. «Эшимканов остался в кыргызской политике как харизматичный бунтарь-демократ, оппозиционер и авантюрист» – вспоминают часто его современники.*

***Ключевые слова:*** *журналисты, газета, демократия, статья, политика, оппозиция, политические партии.*

*The name of Melis Eshimkanov remained in the 30 year history of independent Kyrgyzstan. For someone from journalist and political fields he is a legend, but for others he remained a mystery. Melis Eshimkanov entered journalism very early. Compositions written by him in the 5th grade were already published in the Soviet newspaper «Pioneer of Kyrgyzstan», inculcating a love for his future profession. Before graduating from school, he began working as a presenter on Kyrgyz television. The Intense political activity of Melis Eshimkanov caught times of perestroika and collapse of the USSR. After witnessing those events, he easily gained the love of readers with his new look and writing style. He became the founder of independent journalism and the «imish genre» of the first years of independence of Kyrgyzstan. His contemporaries often remember, «Eshimkanov remained in Kyrgyz politics as a charismatic rebel-democrat, oppositionist and adventurer».*

***Key words:*** *journalists, newspaper, democracy, article, politics, opposition, political parties.*

Мелис Эшимканов Тогуз-Торо районунун борбору – Казарман айылында 1962-жылы 9-декабрда жарык дүйнөгө келген. Теги атбашылык атасы Асек райондук ооруканада бир нече жыл дарыгер болуп иштеген. Ошондон улам “Бакыт экөөбүз жердешбиз”

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



деп калчу. Жердешим менен “Жаштык жарчысы”, “Асаба” гезиттеринде беш жылга жакын иштедим.

Мелис төрөлгөндө эле ата-энесин түйшүккө салган. Жарык дүйнөгө ден соолугу чабал келгендиктен анын мал болуп кетүүсүнөн күмөн санагандар көп болгон. “Мен итий болуп төрөлүптүрмүн. Колу-бутум ипичке, башы чарадай, курсагы чоң бала болгон экенмин. Жада калса эмчек эмгенге да жарабай койгонумда ата-энем катуу коркот. Чарчап калбасын деп дарыгерлер глюкоза сайып, эптеп эки ай кармашкан экен... Ошентип ата-энем ыйлап-сыктап турушканда өмүр бою чабан болуп иштеген атамдын агасы “кой балаңарды мен алып кетейин, киши болсо анысын, киши болбосо мунусун көрөсүңөр”, - деп өзү менен тоого алып кетет” [1], - деп Мелис өзү эскерет.

Тоого алып кетип, баккан атасы менен апасынын өз балдары жок болсо да Мелисти “тумшуктууга чокутпай, канаттууга кактырбай”, айран-сүткө, кымызга киринтип багышат. Жети жашка чейин чыныгы өз атасын билбей, шаар эмес, айылдын “цивилизациясын” көрбөй чоңоет. Биздин каарман баккан атасынын тили заар, жини чукул, каардуу камчысын, анын “зөөкүр байларга” окшош экендигин, баккан апасынын мээримин, бутун ойо бастырып, жаан-чачынга карабай кой кайтарганын, түндөп айылга качып жолдо түнөгөнүн, ж.б. толгон жомокторун эч жашырбайт. Мелис балтыр эти ката электе элеттин “каар заманына” бышып чоңойгонун байкабыз. Тоонун толгон түйшүгүнө бышып, айылдагы балдарга жемин жедирбеген “баатыр” болуп чоңоет. Убагында көкөйгө көк таштай тийген тоонун турмушу, кийин Мелистин макалаларында жашоосунун философиясына айланганын байкайбыз. Анын күчтүү, өжөр адам болуп калыптанышынын баштапкы фундаменти Ат-Башынын тоолору, анын асыл адамдары болгон.

Мелис мектепке киреерде жайлоодон түшүп, өз атасы Асектин колуна келип, Фрунзедеги №50 мектептен окуйт. “Мелис орусча сүйлөп койчу” дешсе “келгенский”, “барганский” деп кошуп, тартынбай сүйлөй берчүмүн, деп өзү көп айтып калчу.

Тоодон алып келген тарбиясы, шаардагы өгөйлөгөн турмуш Мелисти ого бетер чыйралтат. Камчы салдырбай окуп, бат эле классташтарынан суурулуп чыгып, окуудан, футболдон да алдыга чыгат. Көчөдөгү балдар менен мушташканда да талканын тарттырып жибербей, кол тийгис “өз баласына” айланат. 5-класста колу кычышып, кыздарга сүйүү каттарын, башка дилбаяндарды жазып “атактуу жазуучуга” айланат. “Ак кеме” киносуна таасирленип жазган дил баяны “Кыргызстан пионери” гезитине жарыялананда жазуучу болууну дегдеп, ооруп калат. Кыргыз телевидениесине келип, жомоктордогу балдардын ролун аткарып жүрөт, ошондо журналист болууну эңсейт.

Мелистин эмгек жолу 10-класста окуп жүргөндө эле башталган, борбордогу “Физприбор” заводунда жумушчу болуп кирип, акча таба баштаган. 1980-жылы азыркы Улуттук университеттин журналистика бөлүмүнө кирип окуйт. Баягы бала кезинен берки кыялын орундатам деп, кыргыз телевидениесинин эшигин жырта берет, бара берет. Балдарга, жаштарга арналган көрсөтүүлөргө катышып, берген тапшырмаларды “суусун жерге тамызбай” аткаргандан тажабайт. Ага алымсынбай “Ленинчил жаш”, “Комсомолец Киргизии” гезиттерине каттап, кыргызча, орусча макалаларын ташып, “качан чыгарасыңар” деп алардын шайын оодарат.

Адамдын дараметин, жанда жок аракетин, ички энергиясын сезген “Ленинчил жаш” гезитинин ал кездеги башкы редактору Калыбай Осмоналиев 1986-жылы университетти бүтүп-бүтөлек Эшимкановду дароо жумушка алат. Ички амбициясын, максатын жашыра албаган Мекең “беш жылдан кийин ушул гезитке редактор болом” дейт. Анын сөзүн башында шамал ойногон балакайдын оюу дешип уккандардын бири да таназарга алган эмес, шылдыңдап күлгөндөр көп болгон. Мыйыгынан жылмайган кесиптештеринин кытмыр күлкүлөрү Мелисти ого бетер чыйралтат, улам элде жок макалаларды жазып, окурмандардын оозуна, аркы жогорку комсомол уюмунун жетекчилеринин көзүнө, сөзүнө илине баштайт. “Жаш калемдештерге”, “Таттыбүбүнүн кызы”, “Жаш режиссерлорго жардамга муктаж”, “10-“Б” неге таарынды?” деген макалалары далайдын бүйүрүн кызытып, көпчүлүктүн көңүлүн бурган. Жазгандары партиялык, комсомолдук чогулуштарда каралып, чаралар көрүлөт. Коомчулуктун оозуна алына баштаган жаш кабарчы 1988-жылы 26 жашында Фрунзе шаарынын 1-май райондук кеңешине депутат болуп шайланып кетип, дагы көптүн оозун ачырат.

Мелистин бактысына Горбачевдун “кайра куруу” саясаты (1986) башталып калып, каалагандай ачык жазууга жакшы шарт түзүлгөн. Ал жазгандын баары талкуунун темасына айланып, оргуган ойлору менен окурманды да дүрбөлөңгө салып жатты.

Белгилүү акын Акбар Рыскулов редактор болуп турганда “Ленинчил жаш” гезити “Жаштык жарчысы” болуп өзгөрөт. ЛКСМ Борбордук Комитетинде: “Жаштык жарчысынын” аты эле өзгөрбөй, гезиттин заты, анын редактору да өзгөрүү керек”, деген жел сого баштайт. Жел шамалга айланып, комсомолдун республикалык комитетинин пленуму гезиттин

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жетекчисин атаандаштык негизде шайлоону чечет. Өзүнүн ички-сырткы амбициясы ашып турган Мелис ЛКСМ БКнын пленумунун мүчөлөрүнөн жана редакция кызматкерлеринен колдоого табууга аракет кылат, шайлоого чейин аны бекемдеп коет. Баса, ал кезде Мекең комсомолдун Борбордук комитетинде сектор башчысы болуп иштеп жаткан эле.

1991-жылы апрель айында жаштар гезитине редактор болом деп ал кездеги аттуу-баштуу 4 журналист ат салышат, бири – Мелис, жашы да Мелис. Шайлоонун жыйынтыгы чыкканда Бишкекте "күн күркүрөп, чагылган түшкөндөй" эле болду. Эч ким күтпөгөн, пакана бой Мелис Эшимканов "Жаштык жарчысы" гезитине башкы редактор болуп шайланат. Жеңилип калгандар ызасына чыдашпай "Түндүктөн түшкөн редактор" [2] деп макала жазышты. Анан баягы "беш жылдан кийин редактор болом" деген сөздү эстешти. Ошондон кийин Мекеңдин лакап аты "түндүктөн түшкөн" аталып калды.

Мелис күтүп отурган жок, "Жаштык жарчысы" гезитин "Асаба" деп өзгөрттү, журналисттердин жаңы командасын түздү. Көп өтпөй гезиттин башын комсомолдун ээлигинен чыгартып, "өзү бий, өзү хан" болуп калды. Ага жетиш үчүн көп тоскоолдуктардан өттү. Ал учурдагы катуу замандын каары күчүндө экендигин эске алганда Мелис ошондо эле эрдик иш жасаган.

Мелистин таскагы "Асабада" ачылды, элдин оозунда ушул эле гезит болуп калды. Калктын ишенгени, бийликтин корккону да жалгыз "Асаба" эле. Акаев президент "мени бүгүн сындабаптырбы", деп ишин "Асаба" гезитин окуудан баштайт", деген легенда кеткен. Айтор, "Асаба" менен Акаевдин мамилеси бирде мемиреген жаз окшоп жылуу болсо, бирде бороон чапкындуу кыш сымал болду. Ошонун баарына Мелистин Ак үй менен болгон алакасы, кызматташтыгы өз таасирин тийгизип турган. Кээде, оппозициянын азгырыгы менен президентти шыбаган учурлар көп болду. "Асабада" "Чокчолой баатыр" рубрикасы менен Ак үйдөгү интригалар байма-бай чыгып, ажонун шаштысын кетирген учурларды көп окудук. Акаевдин айланасындагылар эле "Асабанын" штаттан сырткаркы "кабарчылары" болушкан. Мелис Акаевдин доорунда "президенттин керт башына сыйынбай, көкөлөтө мактабай эле коелу. Сындасак да өзүбүздүн башыбыздагы "төөнү" көрө жүрөлү. Референдумга ал жыргаганынан бараткан жок. Биздин гезит президенттин референдум өткөрүү демилгесине колдоо көрсөтүүчү демилгелүү топ түздү" [3] деп гезити менен кош колдоп колдосо, бир топ убакыт өткөндөн кийин "жалаң партсоветтик номенклатура кадрларына таянып, алардын эл турмушунан алыс эрежелерине ишенгениңиз, коррупциянын ажыдаарларын, жез тырмактарын өзүңүздүн жаныңызга – жетинчи кабатка жеткиргениңиз бийлик кризисин жаратып, элдин келечекке ишенбөөчүлүгүн жаратты" [4], - деп Акаевди бетке чаап, көзгө сайып сындап келди.

Акаевдин айланасындагылар "Асабаны" бийликтин көкөйүнө көк таштай тийип, тамагына тыгылган кылкандай көрсөтүп, бейбаш гезиттен кутулуунун жолун издеп жатышты. Мелистин оозун жабуу үчүн ортомчуларды салышты. Ага болбогондо өкмөтчүл маалымат каражаттары аркылуу Эшимкановдун эсин оодарып, шыбап жатышты. Аны да тоготпогондо Мелистин үйүнүн босогосуна бир кап туз жөнөтүштү. "Асабанын" кожоюнуна туз да таасир берген жок. Ага болбогондо советтик Кыргызстандын жетекчиси Т.Усубалиевдин колу менен сотко беришип, "Асабаны" бир миллион сом доого жыгып, гезитти жаап тынышты. Саясаттагы бул күрөш Мелисти дагы сынады, чарчатты, ийилди, ыйлады, бирок сынган жок.

Дүйнөлүк тарыхта журналист болуп туруп саясий партия түзгөн учурду көрбөдүм. Албетте, саясаттын кайнаган жеринде журналисттер болот, аралашат, катышат, жазат, жарыялайт. Эгер журналист саясатка барып карьера жасап, депутат, же министр болом, десе анда калемгерликти ташташ керек болот. Бул дүйнөлүк журналистикадагы этикалык кодекстеги эрежелер. Мелис бул этиканы да бузду. Гезиттин башкарып туруп, "Бей-бечаралар" партиясын түздү. "Асабаны", "Агымды" партиянын үгүттөөчү куралы катары пайдаланды, гезиттер саны сайын партияны даңазалап, ага кошулууга чакырып жатты. Анын аркасы менен миңдеген адамдар "Бей-бечараларга" ишенип, күргүштөп кирип жатышты. Мелистин массаны уюштуруудагы, ишендирүүдөгү дагы бир таланты ачылды. 2005-жылдын 24-мартындагы окуянын шарапаты менен, Алмазбек Атамбаевдин жардамы менен Бишкектеги "Асанбай! Шайлоо округунан Жогорку Кеңешке депутат болуп, саясаттын дагы бир чоң мектебинен өтөт. Өкүнүчтүүсү, "Бейбечаралар" партиясы ара жолдо калды, саясий айдыңдан көрүнбөй калды, элдин үмүтү өчтү...

Мелис Эшимканов Кыргызстанда эркин журналистиканын өнүгүшүнө зор салым кошкон менеджер-редактор катары жогору баалагандар, ошол эле учурда кыргыз журналистикасында "имиш жанрын" калыптандырган, аны өнүктүргөн бир муун калемгерлерди "тарбиялаганын" да айтышат. "Имиш тууралуу айтсам. Кыргызда "жандоочу кийик аттырат" деген сөз бар. Өзүңдү-өзүң мактаганча, бирөөнү мактаган, же шыбаган өтө жеңил. Бул жанрдын пайда болушу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



да ошол мезгилдин талабы болду окшойт” [5], - деп кайсы бир интервьюсунда кемчилигин мойнуна алганы бар. “Адырандап оппозицияда жүргөндө “Агымдын” бир чоң катачылыгы – бир жактуулукка өтүп алгандыгы болду” [6] деп өз катасын сезгени бар. Бул дагы Мелистин тагдыры болду.

2006-жылдан баштап президент Бакиевге элдин наразычылыгы көбөйүп, оппозиция байма-бай митингдерди өткөрө баштаган. Мелис да алардын катарында, катары эле эмес саясий акциялардын модератору, өзү айткандай “ди-джейи” болуп жүрдү. Тапандыгы, тапкычтыгы, куйкум сөзү менен элдин бүйүрүн кызытып, сезимин козгоп, улуу күрөштөргө чакырып жатты. Бакиев бийлиги менен оппозиция элдешкис чекке жетип калгандай сезилип, чоң өзгөрүүлөр болчудай коомчулук “Ала-Тоо” аянтын карап калышкан. Анан эле Алмазбек Атамбаев “бийлик менен оппозицияга көпүрө болойун” деп өкмөт башчылыгына кетти, “Карыпкуловдун кара жашиги” деп келаткан Мелис Эшимканов КТРдин башчылыгына дайындалышты. Оппозициянын айрым “ярыйлары” да кызматтарга кетишти, калгандарынын тилин табыштыбы, тынчып эле калышты. Кыскасы, Бакиевдин администрациясы “конституциялык реформа жасайбыз” деп кыйкыргандардын үнүн басып, абалды тынчытууга жетишкенин билебиз.

“КТРде реформа жасайм” деген Мелис Эшимканов көп өтпөй эле үч тараптан токмок жей баштады: биринчиси, КТРдеги кадрлык жана программалык өзгөртүүнү каалабагандар жамааттын ичинен найза көтөрүп чыгышты, ал тургай соттошууга, ачкачылык жарыялоого жетишишти. Экинчиси, “үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы” дегендей “КТРдин ички ишине кийлигишпейм” деген Ак үй эски адатындагы көзөмөлүн күчөтүп, “Азаттык” радиосунун кабарларын эфирден бердиртпей Мелисти тушап салат. Үчүнчүсү, “бизди сатып кеттиң, пикирлерибизди бербейсиң” деп Эшимкановду оппозиция, бейөкмөт уюмдар тепкилеп жатышты. Мындай басымга чыдабай Мелистин ооруканага жатып калган учурлары көп болду. “Бир айдан бери чарчаганым чын, тамакты ичсем ичем, ичпесем жок, уйкум да азайып кетти” [7], - деп айтканы бар. Чарчады, чыдабады, уктабады, ооруду, анан бир күнү “тойдум байдын кызына” деп КТРди таштап баса берди. Андан ары Алайдын тоолоруна Кубатбек акесине кетип калды...”Ыйлагым келгенде, буулукканда, дүйнөнү таанығым келгенде тоого чыгып кетем”, - деп калчу Меке...

Оппозицияга кайра өтүп кетет дештиби, Мелис тоодон түшүп келсе Максим Бакиев телефон чалып, өзүнө чакырып “Өнүгүү жана инвестициялар борбордук агенттигине (ЦАРИИ) байкоочулар кеңешин түзүп жатабыз, сиз төрага болуп бериңиз, кеңештин курамын өзүңүз тандаңыз” деп дагы башка убадаларды айтып кызматка чакырат. “Чужой среди своих” болуп жүргөн Меке бул сунушка макул болуп ишти баштайт. “Максим акылы күчтүү, жаңы расанын баласы болчу” [8], - деп ачык эле баа берген жайы бар. Ошентип ЦАРИИнин байкоочу кеңешинин өмүрү да кыска экен, бир жыйыны өткөндөн кийин 7-апрель окуясы болду. Мелис Эшимканов болсо Максим Бакиевдин командасындагы адам катары элдин эсинде калды. Мекең үчүн бул дагы жеңил тагдыр эмес эле.

2010-жылдын 7-апрелиндеги кандуу окуядан кийин Мелис бир жылдай коомчулукта көрүнбөй калды. Бир күнү мага телефон чалып калды, ал-жай сурашкандан кийин "сен биллиярд ойнойсуңбу” деп сурады, “ооба” дедим, “анда саат 12де “Дасмияга” кел, биллиярд ойнойбуз, саат 3төн баштап мени менен иштеген улуу-кичүүнү чакырып койдум,чай ичебиз” деди. Макул болуп, айткан убакта айтылган жерге бардым. Белгилүү журналист агаларбыз Эсенбай Нурушев, Акбар Рыскулов баштаган кесиптештер үч саат чер жаза биллиярд ойнодук. Мекем, демейдегиден башкача жайнап, баарыбыз менен ойноду, кесиптештеринин илгерки жоруктарды эстеп, күлдүрүп отурганы көз алдымда турат.

Саат 3тө “Дасмиянын” залында акыркы 30 жылда Мелис менен иштеген 150нүн тегерегинде журналисттер чогулушту. Алардын ар бирине Мелис өзү телефон чалып чакырыптыр. Узак жылдан бери көрүшпөгөндөр мындан көп. “Сиздердин ар бириңиздер менен ар кандай маалымат каражатарында иштедим. Баарыңыздар менин өмүр жолумда эсимде болгонуңар менен турмуштун, тагдырдын ар кандай себептери менен жолугуша албай жүрдүк. Силерди көргүм келди, силер менен ырдагым келди, силер менен баштан өткөндү эстегим келди. Эгер силер менен иштеген учурларда кимдир бирөөнүздү таарынтсам, жаман сөз айтсам ар бириңиздерден кечирим сурайм... мен люстрация болоюн деп жатам”, - деп агынан жарылган эле. Көрсө, кесиптештери үчүн Мелистин бул акыркы сөзү экен, биз менен коштошуу үчүн айтылып жатканын кайдан билдик. Андан көп өтпөй эле “Учур” гезитине Мелис өзүнүн “люстрация чайы” жөнүндө минтип айтыптыр: “1995-жылы Кубат аке менен Алайга жалгыздык аралына кеттим эле. 2010-жылы андан да оор этабы болду. Анткени 30 жаш менен 50 жаштын айырмасы бир топ экен. Көп нерсени ойлонуп жүрдүм, бир жыл бою тырмагымдын учунан баштап мээме чейин тазаланганга аракет кылдым.... Апрель окуясындагы шейит кеткен балдардын өлүмү

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



мен үчүн абдан оор тийди” [9]. Мелистин жүрөгү булардын баарын көтөрө алган жок, оор тийди...кете берди.

Мелис Эшимканов 50 жылдык өмүрүндө далай улуу-кичүү кишилер менен дос болгон. Бирок, алардын эң биринчиси – айтылуу жазуучу Кубатбек Жусубалиев. Көп адамдар өзүнөн 30 жаш улуу адамды дос деп айта албайт. Мелис “Кубат аке-досум” деп өмүр бою оозуна түшүрбөй, кудайындай сыйынып, пайгамбарындай сыйлап, атасындай багып, баласындай тарбия алып кетти. Тагдырына, турмушуна, саясатка таарынганда, чарчаганда Алайга Кубат акеси-досуна барып, черин жазып, жашоого дем-күч алып келчү. Экөө Тибетке чейин барып, тазаланап жүрдү. Кыргызстанда Кубат акени баалагандар аз, түшүнбөгөндөр көп. Жалгыз Мелис гана түшүнүп кетти.

- Алайдын тоолорунда дербиштик өмүр сүргөн Кубатбек Жусубалиевди жалгыз гана досум дейсиз, эмнеге?

- Кудай атанын жазмышынан да. Экөөбүздү байлаган бир улуу сыр бар. Буга мен чексиз бактылуумун [10] дейт Мелис.

“Кубатбек Жусубалиев дүйнөгө кылымдарда бир келчү киши. Кудай, пайгамбар, өзүн-өзү тазалоо жолуна түшкөн инсан. Биз дүйнөгө чыгарма, поэзия түрүндө түшсөк, бул киши иш жүзүндө түшкөн. Ал денесин, бутун, тырмагын таза кармагандай эле, мээсин, жан дүйнөсүн таза кармап келет. Түбөлүк өлбөстүккө ишенген киши” [11] дейт Мекең.

Мелистин “эгер менде 30 пайыз жакшы касиеттер болсо, ошонун баарын Кубат Жусубалиевдин таасири деп билем. Акыркы бир жылдан бери мага таарынып жүрөт. Анткени Апрель революцсынан соң жолукканда “Мелис, эми токтот, жакшы эле кутурдуң. Шайтандын жолунан чык, саясатыңды ташта, гезитинди токтот. Баш отуң менен менен руханий дүйнөгө кир” деди, мен ага “Кубат аке бир аз убакыт бериңиз” [12], – деп айтканы бар. Мелиске убакыт жетпеди...таза руханий дүйнөгө кире албады, түбөлүк келбес жайга кете берди.

“Агым” гезитинин кабарчысы Мелиске суроо салыптыр:

- Эгер эртең эң акыркы күнүң десе, ошол күнү эмне жасап үлгүрмөксүз?

- Бир нерсе жасап калайын деп жан талашпайт болчумун. Кудайга гана чөк түшүп: “Мейли алып кете бер, бирок кечир, кечир, кечир” демекмин” [13], - дейт кайран Мелис.

“Мүнөзүм турган турпатым боюнча өтө катаал, татаал жана карама-каршылктуу адаммын. Менде авантюристтик, романтик да, жакшысы да, жаманы да аралашкан, бүгүнкү оор оош-кыйыш замандын адамынын образы чогултулган. Башкы маселе, жакшыргым келет, тазалангым келет” [14],- деп агынан жарылып, ичиндегисин төккөн эле.

“Эр ортолуу 50 жашка толгону турам. Ушул куракка келгенге чейин жолумдун 80 пайызын шайтан башкарып келди. Орто жолдо ички дүйнө тазалыкты, аруулукту самап, туткундан бошонгусу келген кулдай колумдагы кишендерди бычырата сындыргым келип, Тибетке, Алайга кетип калган күндөрүм болду... Жалган жашоонун азгырыктары көп экен. Тилекке каршы, менин жашоомдо “шайтан аке” өз доорун сүрүп алды” [15] деп, өзүн ачып салдыбы Мелис.

Мелис Эшимканов жазган макалаларында, эссе, очерктеринде дүйнөгө белгилүү инсандар: Конфуций, Сальвадор Дали, Эрнест Хемингуей, Федерико Фелини, Владимир Высоцкий, Акиро Куросава, Василий Шукшин, Уильям Фолкнердин чыгармаларына көп кайрылганын, алардын накыл кептерин байма-бай пайдаланганын, алардын мурастарын тереңден таанығандыгын, дүйнөсүнө таасирленгенин байкайбыз [16].

Мелис Эшимкановдун артында ушундай тарых, ушундай таалайлуу, ары татаал тагдыр, үлгү болчу, сабак алчу жол калды. Үзүлгөндү улар, учугун узартар эки уулу, эки кызы калды. Биринчи жубайы – Айгүлдөн Жылдыз, Төлөгөн деген уулу-кызы бар. Алар азыр Америкада жашашат. Экинчи никеси Асел экөө Адам жана Миэлла деген уул-кыздуу болушкан, мектеп окуучулары.

**Адабияттар:**

1. “Суперинфо” гезити, 19-25. 02.2011.
2. “Кыргызстан маданияты” гезити, 1991-жыл, апрель.
3. “Асаба” гезити 1994-жыл, 30-январь.
4. “Асаба” гезити, 2000-жыл, 31-август.
5. “Майдан.kg”, 2011-жыл, 16-июнь.
6. “Агым” гезити, 2008-жыл, 25-июль.
7. “Агым” гезити, 2007-жыл, 11-декабрь.
8. “Учур” гезити, 2012-жыл, 3-февраль.
9. “Учур” гезити, 2012-жыл, 3-февраль.
10. “Суперинфо” гезити, 2010-жыл, 19-март.
11. “Майдан.kg” гезити, 2011-жыл, 16-июнь.
12. “Майдан.kg” гезити, 2011-жыл, 16-июнь.
13. “Агым” гезити, 2008-жыл, 25-июль.
14. “Агым” гезити, 2008-жыл, 25-июль.
15. “Майдан.kg” гезити, 2011-жыл, 16-июнь.
16. “Мелис Эшимканов” китеби, “Турар” басмасы, 2012.